**“БЕКИТЕМИН’’**

Б.Осмонов атындагы Жалал -Абад

мамлекеттик университетинин

ректору, т.и.д., профессор

________ К.Ж Усенов

“27” 10 2021-ж.

Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Б.Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д.07.21.628 диссертациялык кеңеши Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын “*Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)* аттуу темадагы 07.00.07. - Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илиминин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын ачык коргоого карата жетектөөчү мекеме болгон Б.Осмонов атындагы Жала-Абад мамлекеттик университетинин “Тарых’’ кафедрасынын

## ПИКИРИ

### 1.Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.

Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын **“Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)** аттуу темадагы 07.00.07. - Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илиминин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын кол жазмасын талкуулап, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдик. Диссертациялык иш кыргыз этнология илиминде алгачкы ирет изилденген иштердин катарына кирет. Тандалып алынган тема терең жана ар тараптан изилдөөлөрдү талап кылган, актуалдуу жана илимий-теориялык, практикалык жактан мааниси бар проблемалардын катарына кошулат.

Кыргыз Республикасынын социалдык- экономикалык өнүгүүсүнүн негизги шарттарынын бири – этнодемографиялык жүрүмдордү башкаруу жана жөнгө салуу болуп эсептелет. Демографиялык өзгөрүү мамлекеттин өнүгүүсүнүн бир бөлүгү катары өз алдынча обочолоно албайт. Ал Кыргызстанда болуп жаткан социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүүнүн алкагында өсүп-өнүгүп туруучу жүрүм. Өз кезегинде этнодемографиялык жүрүмдөр өлкөнүн, анын ичинде жалпы элдин социалдык-экономикалык, саясий өнүгүүсүнө таасир этүүчү социалдык күч болуп эсептелет. Ошондуктан бардык мамлекеттер өздөрүнүн аймагында жүрүп жаткан демографиялык, анын ичинде этнодемографиялык жүрүмдөргө ар дайым дыкат көңүл бөлүп турат. Ал жүрүмдордүн кайсы жакка багыт алып жаткандыгын, кандай жаңы социалдык топтордун пайда болуусунун мамлекеттин өнүгүүсүнө тийгизген ар кандай таасирлерин дайыма статистикалык жактан жана комплекстүү түрдө көзөмөлдөп, башкарып, аны өз учурунда керектүү нукка буруп туруу зарыл. Туура багытта жүрүп жаткан демографиялык жүрүмдөр өлкөнүн социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүшүнө жагымдуу таасир этет. Диссертант эмгегинде белгилеп көрсөткөндөй, ош облусу Кыргызстандын чегинен сырткары бүтүндөй Борбордук Азия мейкиндигинде өзүнүн географиялык абалы менен Чыгыш менен Батышты бириктирген маанилүү түйүн. Калкынын саны боюнча Фергана өрөөнү адамдар эң жыш жайгашкан аймактардын бири болуп эсептелет. Бул жер көп этностуу аймак катары өлкөнүн социалдык-экономикалык жактан туруктуу өнүгүүсүнө олуттуу салымын кошуп келет. Ошондуктан Ош облусунун калкынын этнодемографиялык маселелерин илимий жактан изилдөө азыркы мезгилдеги этнология илиминдеги актуалдуу маселелердин бири болуп эсептелет. Диссертант Ош облусунундагы этнодемографиялык жүрүмдөрдү изилдөө зарыл экендигин белгилеп, теманын актуалдуулугун көрсөтүп турарын белгилеп өткөн.

**2. Диссертацияларга коюлган талаптардын чектериндеги иштин илимий жаңылыктары.**

Ош облусунун калкынын динамикасына таасир этүүчү социалдык-экономикалык шарттар, облустун райондору жана шаарлары боюнча административдик-территориялык өзгөрүүлөрдүн таасири этнология илиминде өз алдынча алгачкы жолу каралган.

Изилдөөдө Ош облусунун калкынын рынок шарттарына карата ыңгайланышуусу, үй-бүлөнүн материалдык абалынын калктын өзүн-озү жаратуусуна таасири алгачкы жолу өз алдынча этносоциологиялык материалдар менен аныктаган.

Ош облусунун калкынын этностук курамынын өзгөрүүсүнө, никелешүү жана ажырашуусунун өзгөчөлүктөрүнө, этнодемографиялык жактан өнүгүүсүнө табигый өсүштүн жана миграциянын таасири көрсөтүлгөн.

Калктын этностук курамынын динамикасы, жыныстык жана жаш курамдары изилденди жана анын өзгөчөлүктөрү белгиленген.

Калктын социалдык-демографиялык түзүмүнүн жана аймактарда жайгашуусунун өзгөчөлүктөрү талдоого алынган

**3. Диссертацияда белгиленген илимий жыйынтыктардын, корутундунун негиздүүлүгү жана ынанымдуулугу.**

Изденүүчү диссертациялык изилдөөсүндө илимий теориялык, методикалык усулдарды пайдаланган. Коргоого сунушталган жоболор менен чыгарылган тыянактар эмгекте обьективдүү маалыматтар арбын экендигин көрсөтөт. Этнография илиминин негиздерине жана тарыхый булактарга таянып ынанымдуу тыянактарды чыгара алган

Ж ы й ы н т ы к . Изилдөөнүн негизги булагы- этносоциолоогиялык изилдөөнүн материалдарын, расмий документтерди, статистикалык жана башка маалыматтарды талдоонун натыйжасында Ош облусунун этнодемографиялык жүрүмдөрү изилдениши зарыл экендиги менен негизделген.

Ж ы й ы н т ы к. Этнодемографиялык жүрүмдөр изилденген эмгектерди талдоо аркылуу изилдене элек багыттарды окуп-үйрөнүү керектиги менен аныкталган.

Ж ы й ы н т ы к .Ош облусунун калкынын өнүгүүсүн изилдөө үчүн облустун социалдык-экономикалык маселелерин, калкынын курамындагы социалдык

демографиялык өзгөрүүлөрдү, элдин табигый өсүшүн, миграциясын, этностук курамын, үй-бүлө маселелерин, жыныстык жана жаш курактарындагы өзгөрүүлөрдүн динамикасын талдоо учун этнологиялык ыкмаларды колдонуу зарылдыгы менен негизделген.

Ж ы й ы н т ы к. Рынок экономикасына өткөндөн кийинки турмуш тиричиликтеги көптөгөн өзгөрүүлөр этнодемографиялык журумдөргө таасир эткендиги менен аныкталган.

Ж ы й ы н т ы к . Ош облусундагы демографиялык жүрүмдөрдүн өзгөчөлүгү аймактагы социалдык-экономикалык абал, калктын калыптанган дүйнө таанымы, көз караштары, баалуулуктары менен түздөн-түз байланышта экендиги менен негизделген.

Ж ы й ы н т ы к . Өлкөдөгү эгемендуулук мезгилиндеги өзгөрүүлөрдүн натыйжасында кыргыздардын жана башка этностордун тышкы эмгек миграциясы күчөдү. Бул журум Ош облусунун калкынын өнүгүүсүнө чон таасир эткендиги менен аныкталган.

Ж ы й ы н т ы к . Ош облусунда аралаш никелердин болуусу келечекте деле уланат, анткени бул жер этностордун аралаш жайгашкан аймагы, этностордун интеграциясына мумкундук беруучу дагы бир маанилуу жагдай - этностордун маданияты менен турмуш-тиричилигинде жалпылыктары көп

**4. Изилдөөнүн ички бүтүндүгү.**

Диссертациялык иштин жана илимий тыянактардын ички бүтүндүгүн изилдөөнүн обьектиси менен предметинин туура аныкталышы, иштин максаты менен милдеттеринин мыкты коюулушу иштеги ыраттуулукту сактап турат. Коюлган максатка жетишүүгө жана милдеттердин ийгиликтүү чечилишине иштин так түзүлгөн структурасы да шарт жараткан.

**5.Диссертациялык практикалык мааниси, андагы системалаштырылган материалдар, теориялык сунуштар.**

Диссертациялык эмгектин жыйынтыктарын тарых, этнография, социология, этносоциология дисциплиналары боюнча даярдала турган жалпыланган изилдөлөрдө колдонууга болот. Мындан сырткары, бул

изилдөөнүн натыйжаларын окуу жайлар үчүн окуу китептерди жазууда, лекцияларды окууда колдонууга болот.

**6.Диссертацияда мазмунунун автордун жарыяланган эмгектерде тастыкталышы.**

1. Абдувапова А.Т. Калктын социалдык абалы жана миграциялык коопсуздук. [Текст] / А.Т. Абдувапова. // ОшМУ Жарчысы. – 2012.– № 2. – 9–12-бб.
2. Абдувапова А.Т. Жумушсуздук социалдык иштердин обьектиси катарында. [Текст] / А.Т. Абдувапова. // ОшМУ Жарчысы. – 2012. – № 2. – 12-15-бб.
3. Абдувапова А.Т. Ош облусу: Учурдагы этнодемографиялык процесстер. [Текст] / А.Т. Абдувапова // Кыргызстан жана Борбордук Азия – баарлашуунун мейкиндиги: Этностор аралык мамилелерди бекемдөөнүн өтмүшү, учуру жана келечеги: КР УИАсынын мүчө кабарчысы, тарых илимдеринин доктору, профессор Абылабек Асанкановдун 60 жылдыгына арналган Кыргызстандын этнологдору менен антропологдорунун II Конгрессинин (Бишкек шаары, 2015-жылдын 4-апрели) баяндамалары жана илимий макалалар жыйнагы / Жооптуу ред. А.Р.Бикбулатова, илимий ред. Т.К.Чоротегин. – Бишкек: “Maxprint” басмасы, 2015. – Тарых жана Мурас түрмөгү. – 401–406-бб.
4. Абдувапова А.Т. Ош облусунундагы миграциялык процесстердин этникалык аспектиси. [Текст] / А.Т. Абдувапова // ОшМУ Жарчысы. – 2015. – №2. – 68–71-бб.
5. Абдувапова А.Т. Азыркы мезилдеги рынок экономикасынын калктын социалдык түзүмүнө тийгизген таасири (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөлөрүнүн негизинде [Текст] / А.Т. Абдувапова, Чыныкеева, Г.Э. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – № 11, 2016. – 227-230-бб.
6. Абдувапова А.Т. Учурдагы этнодемографиялык процесстердин социалдык-экономикалык абалга тийгизген таасири (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде. [Текст] / А.Т. Абдувапова // ОшМУ жарчысы. – 2016. – № 3. – 26–30-бб.
7. Абдувапова А.Т. Ош облусу: учурдагы калктын табигый кыймылы. [Текст] / А.Т. Абдувапова, А.Р. Джоошбекова // Ала-Тоодогу заманбап этнография көйгөйлөрү: Кыргыздын тунгуч этнограф айымы Какен Мамбеталиеванын (1936–1984) 80 жылдык мааракесине арналган жыйнак / Жооптуу ред. Г.С.Мамбеталиева м-н Т.К.Чоротегин. – Бишкек: MaxPrint басмасы, 2016. – “Мурас” фонду. – “Тарых жана мурас” түрмөгү. – 31–36-бб.
8. Абдувапова А.Т. Кыргызстандын түштүгүндөгү шаар калкынын этнодемографиялык өнүгүүсү (Ош облусундагы шаарлардын мисалында). [Текст] / А.Т. Абдувапова, Г.Э Чыныкеева // ОшМУ жарчысы. 2017.– Атайын чыгарылыш. – 32–35-бб.
9. Абдувапова А.Т. Ош шаары: азыркы мезгилдеги миграциялык процесстер (1989-2009-жылдар). [Текст] / А.Т. Абдувапова, А.Р. Джоошбекова, Г.Э. Чыныкеева // БГУ жарчысы. – Бишкек, 2015. – № 3-4 (33-44). – 26–29-бб.

10. Абдувапова А.Т. Ошская область: естественное движение населения в настоящее время. [Текст] / А.Т. Абдувапова // Молодой ученый. – Международный журнал. – № 5 (139), – 2017. – С. 367–371.
11. Абдувапова А.Т. Modern Migration Processes: The Arguments (Reasons) Factors And The Main Directions (based on ethno-sociological research in the Osh region) [Текст] / А.Т. Абдувапова // Bridge To Science Research Works. – February 28, – 2018, San Francisco, California, USA. – P. 28–33.

7. **Авторефераттын мазмунунун диссертациялык иштин мазмунуна дал келүүсү.**

Теманыны максаты жана милдеттери авторефераттын текстинде толук чагылдырылган. Автореферат кыргыз жана орус тилинде жарыяланып, алар кыргыз, орус жана англис тилиндеги резюмелер менен жабдылган.

8. **Талапкерге каалоолор жана сунуштар.**

1. Диссертацияда айрым бир стилистикалык, грамматикалык мүчүлүштүктөр кездешкендиктен кол жазманы редакциялап чыгуу зарыл.
2. Иштин “Постсоветтик мезгилдеги этнодемографиялык жүрүмдөрдү изилдөө” деп аталган бөлүмүндө темага тишеси жок аймактардагы авторлордун эмгектерин кошуунун зарылдыгы жок.
3. Диссертациянын “Калкты изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери жана колдонулган ыкмалар” бөлүмүн жазууда чет элдик авторлордун эмгектери менен чектелген жана изилдөөдө колдонулган ыкмалар толук ачып көрсөтүлбөгөн.

9. **Кыргыз Республикасынын окумуштуулук даража ыйгаруу жөнүндө жобосунун 2-бөлүгүндө айтылгандай талаптарга диссертациянын жооп бериши.** Диссертациялык иш илимий-теоретикалык жана методикалык жактан тиешелүү деңгээлде жазылып, коюлган темасына ылайык кыргыз этнология илиминде комплекстүү изилдеген, ошондой эле өз нугу менен аткарылган илимий эмгек болуп саналат.

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин “Тарых'' кафедрасы **“Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусуидагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизиинде)** деген темадагы 07.00.07. - Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.

**Корутунду пикир:** Б. Осмонов атындагы Жала-Абад мамлекеттик университетинин “Тарых” кафедрасынын 2021-жылдын 2-ноябрындагы кезексиз өткөн атайын отурумунда талкууланды (протокол №4). Талкууга катышкандар: т.и.к., доцент Э.А. Авазов, т.и.к., доцент Э. Сулайманов, т.и.к., доцент К. Айдаркулов, т.и.к., доцент Г.А. Анарбаева, т.и.к., доцент м.а. К.А. Халматов, окутуучу Ш.Б. Атабекова, окутуучу А.А. Токтогулов, окутуучу М.К. Умарова.

**Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин “Тарых” кафедрасынын башчысы, т.и.к., доцент:** **Э.А. Авазов**

**Катчы:** **М.К. Умарова**

**Кол тамгаларын тастыктаймын:**

**Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Адистер жана укуктук камсыздоо бөлүмүнүн башчысы:** **А.Т. Акматова**

КАДРЛАР БАШКАРМАЛЫГЫ

ИНН 02003199710104

№ 04-8/45

«10» 11 2021

Уг. секр Д 07.21.628